**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**

Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82)

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 ( тел. 03222 4-82-82)

«25» апрели 2024-жыл. чыг. № 32/3-3127

Ош аймактык шайлоо
комиссиясынын төрагасы
К.Т.Бердибековага

Ош шаардык ИИБдин Тергөө кызматы Сизге, 02-041-2024-001172 сандуу болуп катталган тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча алкачкы текшерүү иштерин жүргүзүлүп, аталган фактыда кылмыштын курамы аныкталбагандыктан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-бөл. 2-пункту менен кылмыш иш козгоодон баш тартылгандыгын билдирет.

Тиркеме токтом 3-барактан

Ош ШИИБнын Тергөө кызматынын тергөөчүсү
милициянын капитаны: **Атабаев Т.Э.**

Атк: тергөөчү Атабаев Т.Э.
Тел.0554 33 33 13

№ 02-041-2024-001172-01-001-000607

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Ош шаары 25.04.2024 -ж./г.

Мен, Ош ШИИБнын Тергъэ кызматынын тергөөчүсү милициянын капитаны Атабаев Т.Э., Ош ШИИБнын МЭЖне 02-041-2024-001172 саны менен катталган тергөөгө чейинки текшерүү ишинин иш кагаздарын карап чыгып төмөндөгүлөрдү,

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

2024-жылдын 23-апрелинде Ош шаарынын № 07 шайлоо округунун комиссиясынын төрагасы К.Т. Бердибекова маалымат кат жиберген. Ал маалымат катта 21.04.2024-жылы Фейсбук социалдык тармакта Асель Набиева, Кыргыз Республикасынын ЖКнин Ош шаарынын бир мандаттуу шайлоо округунда талапкерлердин арасында административдик ресурс колдонуп жаткандыгы туралуу фактылар бар деп билдирген.

Бул маалымат, 2024-жылдын 23-апрелинде Ош шаардык ИИБнын МЭЖне 02-041-2024-001172 саны менен тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Текшерүү учурунда, Набиева Асель өзүнүн көрсөтмөсүндө төмөндөгүдөй, 2024-жылдын 05-апрель күнү саат 21:00 такси менен Баткен облусунун Лейлек районунан Ош шаарына эс алуу максатында келдим. Ош шаарынын М. Аматова көчөсүндө 1 В-дарегинде жайгашкан Визион курулуш компаниясынын көп кабатуу үйдө убактылуу ижарага батир алып, ошол батирде жашап жатамын. 2024-жылдын 21-апрель күнү https://talapker.shailoo.gov.kg/ru/okrg_candidate/1696/37, ссылкада Ош шаарынын № 7 бир мандаттуу шайлоо округунан Жогорку Кенешге депутатыкка талапкер № 7 кандитат Эргешов Бекмурза Аскарбаевич боюнча банлерлер боюнча журналист Мамыркулова Канышай арыз БШК кайрылган.

БШК да бул арыз катталган же катталбаган туралуу так маалымат жок. 100 000 сом акча күрөө катары койулган же койулбаган туралуу маалымат жок сайта. Ал боюнча жобо бар жогоруда арызда көрсөтүлгөн. Эргешов Бекмурза Аскарбаевич баннер акча төлөнгөн канча сумма сарпталгандыгы боюнча маалымат жок. Бул нерсе БШКнын мыйзамына каршы келет. БШКнын төрайымы Н.Шайлдабекова Ош шаарына жумуш сапары менен келип талапкерлер менен жолуканда шайлоонун таза ачык өткөрүү максатында БШК тарабынан финансы боюнча каржы маалыматты БШКнын сайтына чыгарылып турат деп айткан деп билдирген.

Бул жагдай боюнча, Наватов Рустам өзүнүн көрсөтмөсүндө, Ош шаары боюнча ММБнын жарнак жана дизайн боюнча бөлүмүндө мэриянын муниципалдык менчик башкармалыгына караштуу 16 даана щит бар. Аларда ичинде Ош шаарынын бир мандаттуу № шайлоо округуна депутатыка талапкер Эргешов Бекмурза Аскарбаевичтин шайлоо боюнча жарнамасы жок. Шаардык кенешишин токтомуна ылайык прейс курант менен берилет. Ал келишимде ижара акчасы көрсотүлөт. Талапкер Эргешов Бекмурза Аскарбаевичтин шайлоо жарнамасы жеке менчиктеги жарнак калканчага илинген. Жеке менчик калканчалар өздөрү келишим түзүп шайлоо жана башка учурларда жанаманы или берет. Бизге жеке менчик калканчалардын ээлери жердин ижара акысын гана

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

берет деп билдирген.

Иш алкагында жагдай боюнча Ош аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы К.Т. Бердибекова суралып, ал өз көрсөтмөсүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутатыгына талапкерди каттоо Кыргыз Республикасынын Презиндентинин жана Кыргыз Республикасынын депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык (№ 81, 06.04.2023-жылдагы) мыйзамынын 61-бер. ылайык бир мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерди каттоо үчүн талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо күнүнө чейин 27 календардык күндөн кечиктирбестен, (2024-жылдын 31-март күнү саат 18:00 гө чейин) Борбордук шайлоо комиссиясына өзүн өзү көрсөтү тартибинде талапкерди көрсөтү жөндө арызды жана ушул берененин 1-бөл. 2 жана 3-пунктарында каралган документерди берет. 30,31-март күндөрү дем алыш күндөргө келгендигине байланыштуу, документ кабыл алуу 29.03.2024-жылы бүттү. Дем алыш күндөрү мамлекеттик банктары иштебейт.

Мыйзамдын негизинде мүмкүнчүлүк жок талапкерлер бир мандатуу № 7 шайлоо округунан талапкерлер Ош шаарына Ош окруктук шайлоо комиссиясына өздөрү жеке бизге тапшыра алат, жана алар онлайн документерди тапшыра бизге алат. Бишкек шаарына борбордук шайлоо комиссиясына талапкерлер өздөрүн документерин түз барып тапшыра алат.

2024-жылдын 24-апрелине дайындалган № 07 Ош бир мандаттуу шайлоо окуругу боюнча депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу-практикалык иш-чаралардын планына ылайык, биринчи финансылык отчет –добуш берүү күнүнө чейин 7 күндөн кечиктирбестен, (2024-жылдын 25-апрелине чейин) деп жазылган. Экинчи жыйынтыктоочу финансылык отчет-шайлоодон кийин 7 күндөн кечиктирбестен 2024-жылдын 05-майына чейин БШКга тапшырылат. Көзөмөлдө текшерүү тобунун жобосунун № 48-пунктунда жазылган.

Талапкер Б.А.Эргешов 20.04.2024-жылы финансылык отчеттун окруктук шайлоо комиссиясына тапшырган жана БШКга финансылык отчеттун тапшырган. Набиева Асель интернетге чыгарган маалымат туура эмес деп эсептеймин, финансалык отчет убагында тапшырылган. Эмне себептен ал сайтга кеч чыгып калган туралуу маалымат жок деп билдирген.

Талапкер Б.А.Эргешовдун шайлоо фондунда көрсөтүлгөн отчетго ылайык пропагандалык материалдарга (агитационный материалдарга) 683 560 (алты жүз сексен үч миң беш жүз алтымыш) сом акча каражатты коротулган. Ал эми жеке менчик жарнама калканчага 129 200 (бир жүз жыйырма тогуз миң эки жүз) сом акча каражаты коротулган. Полигарфиялык кызматына 602 384 (алты жүз эки миң үч жүз сексен төрт миң) сом акча каражаты коротулган.

Бул жагдайда шайлоо мыйзамдарында көрсотүлгөндой шайлоого чейинки 7 күндүк мөөнөтү талапкердин шайлоо фондунун каржылык отчету тапшырылып, мыйзам бузуулар аныкталбагандыктан, бул фактыда кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш иш козгоодон баш тартууга жатат.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. 02-041-2024-001172 сандуу болуп катталган тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча, кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш иш козгоодон баш тартылсын.

2. Токтомдун мазмуну кызыккан тараптарга маалыматтандырылсын жана аларга укук милдеттери түшүндүрүлсүн.

3. Токтомдун көчүрмөсү көзөмөл иретинде Ош шаарынын прокуроруна жиберилсин. Ал эми Ош аймактык шайлоо комиссиясына маалымат иретинде жиберилсин.

Тергөөчү: Атабаев Талантбек Эркинович